**Математика**

**PISAга багытталган тест**

**7 класс**

<table>
<tr>
<td>

**Оң жактагы текстти окугула.**<br>***1-тапшырма.***<br><br>Самат 5 бригаданы жалдап алууну пландап жатат. Алар 3 күндө бүт түшүмдү жыйнап алууга үлгүрөбү?<br><br>**Бир туура жоопту тандагыла:**<br>А) Жетишет, аларга 3 күн керектелет<br>Б) Жетишпейт, аларга 5 күн керектелет<br>В) Жетишпейт, 4 күн керек болот<br>Г) Жетишет, анткени аларга 2,5 күн талап кылынат

</td>
<td>

**Түшүм жыйноо**<br>Самат 5 гектар аянтка кант кызылчасын сепкен. 1 гектардан 56 тонна кызылча алды. Жүк ташуучу машинага 7 тонна кызылча батат. Самат түшүмдү жыйнап алуу үчүн жумушчулардын бригадасын же кызылча жыйноочу комбайнды жалдоо керек.<br>4 адамдан турган бригада 1 күндө 2 машинага кызылча жүктөй алышат.<br><br>

</td>
</tr>
<tr>
<td>

**Оң жактагы текстти окугула.**<br>***2-тапшырма.***<br><br>Түшүмдү жыйноонун кайсы ыкмасы Самат үчүн пайдалуу жана канчага?<br>**Туура жоопту тандагыла:**<br>1) Түшүмдү жумушчулар менен жыйноо<br>2) Түшүмдү комбайн менен жыйноо<br><br>**Түшүндүрүү менен жооп жазгыла:**<br>Канчага пайдалуу?

</td>
<td>

**Түшүм жыйноо**<br>4 адамдан турган бригада 1 күндүн ичинде 14 тонна кызылча жүктөшөт. Кант кызылчасын кол менен жыйноо үчүн ар бир жумушчуга күнүнө 1000 сомдон акы төлөнөт. Кызылча жыйноочу комбайн менен жыйноо 1 га жерден 15000 сомду түзөт. 1 гектардан 56 тонна кызылча чыгат.<br>Талаанын аянты 5 га.<br><br><br><br>

</td>
</tr>
</table>

| Оң жактагы текстти окугула.<br>***3-тапшырма.***<br>Самат 400 кап шекер алам деп ойлогон (1 мүшөк канттын салмагы 50 кг ды түзөт). Анын эсептөөлөрү туура болдубу?<br>*Туура жообун тандагыла:*<br>-Ооба<br>-Жок<br>**Жоопту түшүндүрүү менен жазгыла:** | **Түшүм жыйноо**<br>Самат 5 гектар аянтка кант кызылчасын сепкен. 1 гектардан 56 тонна кызылча алды. Самат жыйнаган түшүмүн кант заводуна тапшырып, 1 тонна кызылча үчүн 78 кг кумшекер алат.<br> |
|---|---|